**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.23.673 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
**УДК 37: 372. 881.1: 373.1: 811.512.514**

**АЙБАШОВА ТАЗАГУЛ МАТРАИМОВНА**

# ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ ФУНКЦИОНАЛДЫК СТИЛДЕРДИ ОКУТУУ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Чыманов Жеңишбек Арыпович** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялар кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Добаев Кыргызбай Душенбекович** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери<br>**Сагынбаева Гулира Ишемакуновна** педагогика илимдеринин кандидаты, Бишкек мамлекеттик университетине караштуу үзгүлтүксүз дистанттык билим берүү институтунун педагогикалык билим берүү жана инновациялык технологиялар кафедрасынын м.а. доценти |
| **Жетектөөчү мекеме:** | А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу, кыргыз тили жана адабияты кафедралары. Дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Исанов көчөсү, 73. |

Диссертациялык иш 2025-жылдын 28-февралында саат 15.30да И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 13 23.673 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 10-кичи району, Саманчин көчөсү, 10 а.

Диссертацияны коргоону онлайн-көрсөтүү үчүн идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d13-%20oyf-pc2-yyg

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Бишкек ш., Раззаков көч., 51А), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) илимий китепканаларынан жана https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 28-январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Д. К. Омурбаева**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы глобалдашуу мезгилинде билим берүү процессин демократиялаштыруу окуу процессин оптималдаштырууну, аны ата мекендик жана дүйнөлүк тажрыйбалар менен интегралдаштырууну өз алдына милдет кылып койду. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын максаты: адамдын сапаттуу билим алуу укугуна кепилдик берүү, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды тааныган инсанды ар тараптуу өнүктүрүү, ар бир адамга коомдун пайдалуу, кесиптерди эркин тандоо аркылуу эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү мүчөсү болуу мүмкүнчүлүгүн берүү болуп эсептелет деп көрсөтүлгөн. Коюлган максаттардын ичинде эне тилин үйрөнүү, сактоо жана жайылтуу милдеттери да бар.

Ааламдашуу доорунда окуучуларды ата-бабалардан калган мурастарды бекем сактоо, анын ичинде эне тилди, педагогикалык маданиятты кадырлоо, эстетикалык табитин жогорулатуу, элдик идеалдагы моралдык принциптер, адеп-ахлактык баалуулуктар менен тарбиялоо – мезгил талабы. Мына ушул аспектиден алып караганда, эне тилин окутуунун педагогикалык функциясы абдан маанилүү.

Элдик идеологиянын жазылган, жазылбаган жашоо мыйзамдары, каада-салт, үрп-адат, элдик көз караш, ишенимдердин оозеки (этнопедагогикалык) тарбиялоодогу мектеби жашап, уңгулуу улуттун келечектеги түптүү урпактарын тарбиялоодо ченемсиз жүк көтөрөт. Улуттук идеологиясын түптөп, экономиканын, маданияттын өсүшүндө мамлекеттик тил башкы орунда турат. Бул тилдин денинен эле эмес, тил улуттун дилинен, аң-сезиминен, акыл-эсинен, табиятынан жаралган кубулуш экенинин күбөсү дегенге далил болот. Дүйнө жүзүндөгү нечендеген улуттардын негизги айырмачылыгы – тили, тилдин коомдогу аткарган кызматы эбегейсиз, ал – адамзат жашоосундагы маданияттын күзгүсү, элдин руханий байлыгы, эрки. Ар бир улуттун улут катары өнүгүшүнүн көрөңгөсү. Кылымдар бою элибиз тилибизди байытты, тилибиз менен бир сүйлөмдөн турган учкул сөз, макал-ылакаптан баштап, дүйнөлүк маданий казынанын теңдешсиз үлгүсү «Манас» эпосун жаратканы айныбас чындак. Тил аркылуу дүйнө таанып ачылат, өнүгөт, улут муундан-муунга руханий мурас калтыруу жөндөмүнө ээ болот.

Илимде тил аркылуу билим, тарбия алабыз, чөйрөгө таасир беребиз, күнүмдүк жашоодо кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөбүз. Демек, тил – күнүмдүк жашоонун негизин шарттаган абстрактуу кубулуш, коммуникациянын маанилүү каражаты.

Байыркы элдин, күчтүү этностун бай тили – азыркы суверендүү мамлекеттин өзөгүн түзгөн, өлкөгө атын берген титулдук улуттун эне тили. Дүйнөлүк цивилизацияга алмаштыргыс салым кошкон көркөм мурастарды жараткан улуу тил. Мамлекеттик тил – улуттун иденттүүлүгүн аныктаган негизги фактор, чыныгы юридикалык маанисинде мамлекеттин аймагында коомдук турмуштун бардык тармагында мыйзамдуу түрдө милдеттүү колдонулуучу тил. Маалымат каражаттарындагы, телерадиодо, гезит-журналдарда так, мазмундуу сүйлөнүшү же

жазылышы көңүл чордонун ээлемек. Алардагы стилдик жана стилистикалык, грамматикалык каталар тилдин тазалыгын бузат. Жалпылап айтканда, тилдин тазалыгы, айрыкча, бала бакча, мектеп, массалык маалымат каражаттарындагы тилге жасалган мамиледен, улуттун келечегине кам көрүүдөн түптөлөт.

Тема боюнча изилдөө жүргүзүү тажрыйбабыз бир топ **карама-каршылыктар** орун алып келе жаткандыгын көрсөттү, алар:

- эне тили улуттук баалуулуктардын эн негизгиси, улуттук ой жүгүртүүнүн салттуу бир формасы катары эсептелсе да, эне тилин окутууга басым жасалбагандык;
- эне тилинин статусун жогорулатуу сунуш кылынып жатса да, анын функционалдык стилдерин окутуунун методикасы жакшы системага салынбагандыгы;
- кыргыз тили сабагында окутуу боюнча мектеп мугалимдеринин тажрыйбалары көп болгону менен алар илимий жактан жалпыланып, башка практик мугалимдерге сунушталбагандыгы ж.б.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү изилдөөнүн проблемасын аныктап, биздин изилдөөбүздүн темасын «**Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу**» деп атоого туура келди.

**Диссертациялык изилдөө темасынын артыкчылыктуу илимий программалар менен байланышы:** изилдөө Ош мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты:** ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1) функционалдык стилдерди окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү;

2) мектептин 5-9-класстарында функционалдык стилдер боюнча окуучулардын билим сапатын жана билгичтик деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;

3) жогорку класстарда функционалдык стилдерди үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, аларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун теориялык моделин иштеп чыгуу, методикалык усулдарды сунуштоо;

4) иштелип чыгып, сунушталган моделдин жана методикалык усулдардын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: кыргыз тилинин функционалдык стилдерин инновациялык технологиялар менен окутуунун орто мектептерге ылайык ыкмалары, жолдору, каражаттары педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыкты; кептин функционалдык стилдерин орто мектептерде үйрөтүүнүн тарыхына обзор берилип, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү,

проблеманын изилдениш тарыхы, ааламдашуу мезгилиндеги стилдерди окутуунун максат-милдеттери атайын максатта талдоого алынды; функционалдык стилдердин окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлдү; функционалдык стилдердин инновациялык технологиялар менен окутуу боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланды; кептин функционалдык стилдеринин программада берилиши салыштырылды; инновациялык технологиялар менен кеп стилдеринин окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү делген жолдор жана ыкмалар практикага сунушталды; кыргыз тилинин фукционалдык стилдерин ортоңку класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздери, иштелип чыккан усулдар бирдиктүү системага салынды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**:

- кыргыз тили предмети программасынын жана окуу китептеринин функционалдык стилдерге тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт;

- кыргыз тили боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүнү, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт;

-жогорку класстарда функционалдык стилдерди окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт;

- изилдөөнүн материалдары мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат;

- кыргыз тили боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардам берет.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору**:

• сабакта кыргыз тилинин функционалдык стилдерин инновациялык технологиялар менен үйрөтүүдө кыргыз тили мугалимине педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздерин ар дайым өркүндөтүп туруусу зарыл;

• кыргыз тилинде функционалдык стилдердин коомдогу ордун үйрөтүү аркылуу окутуунун жана тарбиялоонун технологиялары бул процесстин максат-милдеттерине, мазмунуна, принциптерине, методикасына байланыштуу ишке ашырылууга тийиш;

• мектеп окуучуларынын билим көрөңгөсүн түптөп, элдик педагогиканын кырдаалдык кепте чагылдырылган баалуулуктарын өздөштүрүү окуучулардын коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүнүн негизги булагы болууга тийиш. Бул процессти сабакта гана эмес, класстан тышкаркы иштерде максаттуу колдонуу окуучулардын кыргыз тилине, кыргыз тарыхы менен этномаданиятына болгон кызыгууларын арттырууга өбөлгө түзөт;

• Кыргыз тилиндеги функционалдык стилдерди заманбап интерактивдүү ыкма менен окутуу аркылуу балдарды коммуникативдик компетенттүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялоо, мамлекеттик тилди урматтоого жана кыргыз элинин

баалуулуктарын сактоого үндөп, биздин сунуштардын практикада пайдаланууга туура келишин тастыктайт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: Орто мектептердин 5-9-класстарынын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди окутуунун абалын аныктоо, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча тажрыйбалык топтордо тиешелүү сабактар, заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуунун, интеграциялап окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан ишке ашырылды.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** 2013-2015-окуу жылынан баштап Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин III-IV курстары үчүн «Жогорку класстарда функционалдык стилдерди окутуунун жаңы технологиялары» деген атайын курс өтүлүп келе жатат; илимий-практикалык конференцияларында (2013-2023-жылдар) изилдөөнүн проблемалары боюнча докладдар жасалды; III-IV курстун студенттери менен бирдикте Ош шаарындагы, Ош, Жалал-Абад облусундагы мектептерде өткөрүлүүчү педагогикалык практика учурунда иштелип чыккан илимий-методикалык сунуштардын мугалимдер тарабынан пайдаланылышынын жыйынтыктары жалпылаштырылды; диссертациянын жоболору ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын отурумунда алдын ала талкууланды.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарынын №17 Ю. Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, №38 Б. Алыкулов атындагы мектеп-гимназиясы, Ош обулусунун Кара-Суу районундагы №46 Саит Маматов атындагы орто мектеби, Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Алайчы уулу Саид атындагы инновациялык мектеби, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Төрөгелди Балтагулов атындагы №1 жалпы орто билим берүүчү мектептери алынган. Педагогикалык эксперимент Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы мектеп-лицейинде өткөрүлдү.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** 12 илимий макалада (анын ичинде РИНЦ системасында катталган журналдарда 4 макаланын импакт фактору 0,1ден жогору) жана 2 усулдук колдонмо, 1 окуу куралында чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү**: диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, үч баптан, баптар боюнча корутундудан жана жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, таблицалар – 12, сүрөттөр – 4 турат. Иштин жалпы көлөмү – 183 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын киришүү бөлүмүндө изденүүчү теманын актуалдуулугу, диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы, изилдөөнүн максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу, практикалык мааниси,

диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору, илимий изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо, изилдөөнүн эксперименталдык базасы, изденүүчүнүн жеке салымы, диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы, көлөмү жана түзүлүшү жөнүндө сөз болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн биринчи бабы «Орто мектепте кыргыз тилинин стилдерин окутуунун жалпы маселелери»** деп аталат. Баптын «***Орто мектепте кыргыз тилин окутуудагы стилдерди окутуунун алган орду жана мааниси***» деп аталган 1-бөлүмүндө «стиль» жана «стилистика» түшүнүгүнүн пайда болушу, илим катары калыптанышындагы окумуштуулар ортосундагы тыянактуу пикирлер салыштырылып каралды. Лингвистикалык эмгектерде, тил сөздүктөрүндө «стиль» сөзүнүн түшүнүгү, азыркы учурда түрдүү маанилерде кеңири колдонулуп, архитектура, башкаруу, кийинүү, чарба жүргүзүүнүн, ж.б. стили болуп коомчулукта тармакташып кеткендигин «Кыргыз тилинин сөздүгүнүн» (Бишкек, 2010) маалыматтары менен такталып берилди.

Орус тилинин стилистикасы боюнча ондогон окумуштуулар атайын эмгектерди жазып, жарыялашкан. Бул багыт боюнча М. В. Ломоносов (1739), В. В. Виноградов (1975), Л. Г. Барлас (1978), А. И. Ефимова (1969), И. Б. Голуб (1997), Д. Э. Розенталь (1997), В Д. Бондалетов (1987), Б.А. Ларин (1974), ж.б. эмгектерин көрсөтүүгө болот. Биз орус окумуштууларынын ичинен орус тилинин стилистикасы боюнча илимий чөйрөдө кеңири тарап, өтө көп колдонулган эмгек катары белгилүү окумуштуу-тилчи Маргарита Николаевна Кожинанын «Стилистика русского языка» (М. 1983) аттуу фундаменталдуу китебин эсептейбиз. Бул окумуштуунун стиль жөнүндөгү аныктамасы алда канча кыска, так жана түшүнүктүү. Ошону менен бирге эле стилдин табиятын түшүнүүгө негиз болот деп билебиз. М. Н. Кожина (1983) стилге төмөнкүдөй түшүндүрмө берген: «... стиль – это, самом общем смысле, характерологическое свойство (и способность) языка-речи, обделовленное задачами общения и призванные наилучшим образом реализовать эти задача». Бул түшүндүрмөдө, биринчиден, стилди тил менен кептин биргелешкен касиети катары караса, экинчиден, стилди баарлашуунун (сүйлөшүүнүн) милдеттер менен шартталган көрүнүшү катары карагандыгы, биз үчүн алгылыктуу деп эсептейбиз, башкача айтканда, стиль сүйлөшүүгө, кеп ишмердүүлүгүнө байланыштуу каралып, түшүндүрүлө турган маселе экендигине ынанабыз.

Кыргыз тилинин стилистикасы жана аны окутуу боюнча бир катар эмгектерди жазган С. Давлетов (2010) стилге төмөнкүдөй аныктама берген: «Стиль дегенибиз – речтин белгилүү бир максатка, пикир алышуунун чөйрөсүнө ылайыкталган түрү».

Ал эми Т. Маразыков (2014) стилдердин келип чыгышын сүйлөшүүнүн чөйрөлөрүнө байланыштуу карайт. Стиль боюнча жазылган эмгектерди талдоо аркылуу мындай жыйынтык чыгарууга болот.

Адамдардын сүйлөшүүсү, пикир алышуусу, жалпы эле кеп ишмердүүлүгү сөзсүз түрдө белгилүү бир максатты көздөйт. Максатсыз сүйлөшүү болбойт. Ошол максаттуу сүйлөшүүдө максатка жетүү үчүн белгилүү бир чөйрөдө,

белгилүү бир жагдай-шартка ылайык тил каражаттары колдонулат. Демек, стиль – бул сүйлөшүүнүн, кеп ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир максатына ылайык жагдай-шартка жараша тил каражаттарын колдонуунун ык-жолдору. Кеп ишмердүүлүгүнүн максаттары тилдин коомдогу негизги функциялары (кызматтары) менен шартталат. Тилдин коомдогу негизги кызматтары пикир алмашуу, кабарлоо жана таасир этүү болуп саналат.

Ошентип, окумуштуулардын «стиль» – жазуу кебин жөнгө салуучу, кептин жеткиликтүүлүгүн жана таасирдүүлүгүн арттырууга кызмат кылган ыкма, лингвистикалык тармак деп аныкташканы далилденди. Демек, стилистика сүйлөшүү процессинде тилдик каражаттар аркылуу информацияны жөн эле туюндуруу эмес, информацияны ар тараптан шайма-шай, түшүнүктүү, таасирдүү, орундуу, жеткиликтүү, тилдик каражаттардын эң ийкемдүүсүн орду менен колдонуп, маанилик жактан терең, угумдуу, стилдик нормаларга ылайык туюндура билүүнү үйрөтөт. Бул теориялык билимди практикалык стилистика ишке ашырат.

Функционалдык стилдер окуучуларга, биринчиден, сүйлөө, ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүнү, тилди ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда ишенимдүү жана оозеки баарлашууга компетенттүү болууга мүмкүндүк берет.

Экинчиден, функционалдык стилдерди үйрөнүү менен окуучулар тилдин формалдуулук, сылыктык, каймана, какшык сыяктуу социалдык ролдор жана жүрүм-турум нормаларынын социалдык-маданий аспектилерин, ар кандай стилдеги тексттерди талдоо жана түзүү жөндөмдөрүн өрчүтүүгө жардам берет. Үчүнчүдөн, тилдин маданий аспектилерине жана баарлашуунун ар кандай кырдаалдарына ылайыкташууга, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (окуу, жазуу, сүйлөө, угуу) бирдей өнүктүрүп, компетенттүүлүктүн пайдубалын калыптайт.

Ушул бөлүмдө кыргыз тилинин мектептин базистик планында алган орду, окуу программасында функционалдык стилдер боюнча темалардын берилиши, окуу китептериндеги темалар ирети менен салыштырылып, фукционалдык стилдерге программада каралган сааттар анализденди.

«***Кыргыз тилинин стилдеринин илимий жактан иликтениши***» аттуу биринчи баптын 2-бөлүмүндө кыргыз тилинин стилистикасы– салыштырмалуу жаш илим экени айтылат. Кыргыз тилинин тарыхында сабатсыздыкты жоюунун негизги куралы катары 1929-жылы С. Наматовдун «Сабатсыздык жоюлсун» аттуу китеби 1931-жылы кайра басылышында иш кагаздарынын үлгүлөрү менен (расписка, күбөлүк кат, ишеним кат) толукталат. Бул китеп кыргыз тилинин жазуу формасын, анын ичинде иш кагаздарынын калыптанып өнүгүшүндө зор роль ойногону белгилүү. 1935-жылы И. Арабаевдин чоңдорго арналган «Алиппеси», кийин И. Арабаевдин Х. Карасаев менен бирдикте түзгөн «Жаңылыгы» иш кагаздарынын айрым үлгүлөрүн (кат жазуу, ишеним кат, арыз, токтом) камтыган. К. Бакеевдин чала сабаттуулар үчүн жазылган, 1934-жылы жарык көргөн. «Эне тили» аттуу окуу китебинин 1937-жылы үчүнчү жолу басылышында иш кагаздарынын үлгүлөрүн расписка, арыз, токтом эмне үчүн жана кандайча жазыларын кеңири түшүндүргөн.

Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдерин илимий жактан изилдөө иштери XX кылымдын 60-жылдарынан башталган. Изилдөөнүн алгачкы этабында кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын чыгармаларынын тили лингвистикалык планда талдоого алынган. Мында кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери илимий негизде ар тараптуу классификацияланбай, кыргыз тилиндеги көркөм тексттер - көркөм стилдин материалы катары тандалган.

Профессор А. Жапаровдун «Сөз маданияты жана стилистика» «Мугалимдер газетасы», (1968, 17-август), «Публицистика стили», «Кыргызстан маданияты» (1969, 12-февраль) аттуу макалалары жарыяланган. 1968-жылы Н. Т. Шаршеевдин «Көркөм адабияттын стилдик кээ бир бөтөнчөлүктөрү» аттуу макаласы «Кыргызстан маданияты» журналынын 24-июлдагы санына чыккан.

Кыргыз тилинин стилистикасын изилдөөнүн объектиси жана предмети катары карап, ал боюнча бир нече эмгектерди жазып, докторлук диссертациялык ишин коргоп, бул проблема боюнча өзгөчө салым кошкон кыргыз тилчи-окумуштуусу Токтосун Аширбаев болуп саналат. Т. Аширбаевдин «Тилдик каражаттардын стилистикалык табияты» Б., 2000. – 125 б., «Кыргыз тилинин стилистикасы. Стилистиканын жалпы маселелери» 1-китеп. Б., 2000. – 122 б., «Кыргыз тилинин стилистикасы. Фонетикалык, сөз жасоо жана лексикалык стилистикалар» 2-китеп. Б., 2000. – 202 б., Т. Ахматов менен авторлоштукта жазган «Иш кагаздары: Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү» Б., 2001. – 344 б., ж.б. эмгектери, ондогон макалалары жарык көргөн. 2001-жылы «Тилдин фонетикалык жана лексикалык бирдиктеринин стилистикалык табияты» деген темада докторлук ишин коргогон. Анын эмгектеринде кыргыз тилинин стилистикасына байланыштуу дээрлик бардык маселелер тил илиминдеги стилистиканын соңку жетишкендиктерине таянуу менен жакшы чечмеленген. Кыргыз тилинин стилистикасына арналган Т. Маразыковдун «Тексттин стилдик түзүлүшү» (Б., 2014. – 156 б.) аттуу эмгегинде тексттин түзүлүшүндөгү стилдердин кызматы, өзгөчөлүктөрү, тексттин уюштурулушундагы кызматтары талдоого алынган. Стилистика боюнча иликтөө иштери жүргүзүлүп келет.

«***Кыргыз тилинин стилдерин окутуунун методикалык жактан иликтениши***» деген биринчи баптын 3-бөлүмүндө стилистика жана кептин маданиятынокутуунун зарылчылыгы, анын тилди үйрөтүүдөгү жыйынтыктоочу этап экендигин белгилөө менен мектепте функционалдык стилдерди окутуунун уюштурулушу, формалары, технологиялары жана методдору көрсөтүлдү.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде функционалдык стилдер, анын түрлөрү 1968-жылдан бери окутулуп келе жатат.

1980-жылдарда С. Давлетов кыргыз тилин мектептерде окутуу маселесине олуттуу көңүл буруп, орто мектептер үчүн кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн программасын түзүшкөн. Программада мурда камтылбай калган материалдарга кайрылган. Бул материалдар учур талабына ылайык жаш муундарга окутуу зарыл болгондуктан, активдүү киришип, «Байланыштуу речь жана аны мектептерде окутуу» деген темада методикалык колдонмосун жазган. Ал

методикалык колдонмо «Мугалимдер газетасынын» бир нече санына жарыяланган. Байланыштуу речь ошондон бери 5-класстан 11-класска чейин «Байланыштуу речь» деген аталыш менен окутулуп келет. 1989-жылы «Официалдуу-иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу» деген төрт басма табак көлөмдөгү методикалык колдонмосун жазып, ал 1990-жылы «Мектеп» басмасынан чыккан.

Стиль түшүнүгү тилдин коомдук кызматы менен тыгыз байланышта каралат, ал кызматтар – пикир алмашуу, кабарлоо жана таасир этүү. Анын бул кызматтары адабий тилдин стилдеринин чегин белгилейт. Мисалы, сүйлөшүү стили тилдин пикир алмашуу кызматына, илимий жана иш кагаздар стилдери тилдин кабарлоо кызматына, публицистикалык жана көркөм стилдер тилдин таасир этүү кызматына көбүрөөк муктаж. Кыргыз тилинин стилдерин окутуунун методикалык жактан иликтенишине, функционалдык стилдерди мектепте окутуу маселесине А. Идирисов (1975), С. Давлетов (1990), К. Жаанбаева (2002), А. Жапаров (1979), Т. Аширбаев (2000), Ж. Чыманов (2015), Т. Маразыков (2014), Б. Закирова (1989), ж. б. методикалык эмгектери, ойлору методологиялык негиз катары каралды.

Экинчи бап «**Стилдерди окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору**» деп аталат.

**Изилдөөнүн объектиси -** жалпы билим берүүчү орто мектептердин ортоңку класстарындагы кыргыз тилинин кеп стилдерин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети –** орто мектептердин ортоңку, 5-9-класстарында, кыргыз тили предметиндеги функционалдык стилдерди үйрөтүү ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн иш-аракеттери.

Экинчи баптын ***«Стилдерди окутуунун методикасы боюнча изилдөөнүн материалдары»*** деп аталган **биринчи бөлүмүндө** изилдөөнүн материалдары катары КРдин билим берүү мыйзамы, Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана ага ылайык түзүлгөн укуктук-нормативдик документтер; окуу стандарттары; окуу программалары; 5-9-класстардын кыргыз тили окуу китептеринде сунушталган кеп стилдерине тиешелүү материалдары каралды. Мектептин базистик окуу планында кыргыз тилине 5-6-класста жумасына 4 сааттан, жыл бою 136 саат, 7-8-класстарга жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат, 9-класска жумасына 2 сааттан 68 саат бөлүнүп, окуу жүктөмү кыргыз тили эне тили катары окутулган мектептерде ушуга чейин окутулуп келген.

Кыргыз тилинин программасынын өркүндөтүлгөн жаңы редакциясы Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясында иштелип чыккан 2023-жылкы мамлекеттик стандартта базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, жалпы орто билим берүүнүн негизги жана жогорку баскычтарында кыргыз тили предметине 5-6-7-класстарга бөлүнгөн сааттар өзгөрүүсүз калтырылып, 8-класстан 1 саат алынып, жумасына 2 саат болуп, 9-класс менен теңештирилген.

Программанын бул редакциясынын өзгөчөлүгү байланыштуу кеп жана кеп маданиятынын материалдары грамматикалык материалдар менен айкалыштыра

берилгендигинде. 5-9-класстарда «грамматикадан – кепке», ал эми 10-11-класстарда «кептен – грамматикага» деген технологиянын сунушталгандыгында. (Кыргыз тилинин программасы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн. Б.: – 2023). Мунун өзү буга чейин окулуп келген принциптүү методиканы түп-тамырынан тарта өзгөртүү, эне тилин мектепте окуп үйрөнүүнү жаңылоо зарылдыгын алдыга коёт. Программанын негизинде окуу китептери түзүлүп, 5-класстын окуу китеби (Койлубаева А. К., Койлубаева А. К., Орузбаева Б. С. Кыргыз тили 5-класс. Б.:– 2018) 6-класстын окуу китеби (Үсөналиев С, Үсөналиева Г. Кыргыз тили. 6-класс. Б.: – 2018) жаңы стандартка ылайык иштелип чыгып, мектептердин окуу процессине 2018-жылдан баштап киргизилген. Жаңы окуу китептеринде коммуникативдик принципке басым жасалып, китептин материалы жана тилдик каражаттар реалдуу коммуникация кырдаалына жакындатууга аракет жасалган. 7-8-класстардын окуу китептерин салыштырганда 7-класстын окуу китебине караганда 8-класстын китебинде (Иманов А., Кайбылдаев А., Сапарбаев А., Б. Усубалиев. Кыргыз тили. 8-класс. Б.:–2016) тексттер менен иштөө кеңирирээк жүргүзүлгөн. Тексттер жалаң эле кара сөз менен берилбестен иллюстрация, сүрөттөр жана таблицалар менен берилип, балдарда кызыгууну арттырат.

Биздин изилдөөбүз ушул китептерде берилген функционалдык стилдерди окутуу процессине жана ошол процесс аркылуу окуучулардын стилдик компетенттүүлүгүн өстүрүү методикасын өркүндөтүүгө арналды.

**Экинчи баптын экинчи бөлүмү** «**Изилдөөнүн теориялык методдору**» деп аталып, педагогикалык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулган илимий объекти жана предметине ылайык теориялык жана эмпирикалык метод, теориялык метод, укуктук-ченемдик документтерди жана илимий адабияттарды талдоо методу, аңгемелешүү жана моделдөө методдорун колдоно алдык. Адабияттарды талдоо методу каралып жаткан проблеманын учурдагы абалын аныктоого жардам берсе, моделдөө методу негизги мектептин окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун моделин түзүү менен байланышта болду. Моделдөө методу түздөн-түз кабыл алуу мүмкүн болбогон объектилерди жана процесстерди элестетүүгө жардам берип, модель ийкемдүү болгондуктан, анын натыйжалуулугун экспериментте текшерүү да жеңил болду.

Мектепте адабий тилдин функционалдык стилдерин окутуунун моделин түзүүдөгү негизги максат – моделдин компоненттери стилдерди окутуу процессинин ички уюштурулушун: максат-милдеттерин, негизги идеяларынын мазмунун, уюштуруу формаларын жана методдорун ачып берүү. Окутууда ушул процесстин элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүнүн туруктуулугун сактоо.

Диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында «Негизги мектептин окуучуларына кыргыз тилинин функционалдык стилдерди окутуу модели» практикага сунушталган. Бул модель бири-бирин толуктаган, өз ара байланышкан компоненттерден турат. Ар бир окутуу методдорунун ишке ашыруу схемасы бар жана анын кадамдарынын так аткарылышы окуу процессин

натыйжалуу кылат (2.2.1-таблица).

**2.2.1-таблица - Мамлекеттик стандарттагы стилдерди туура пайдалануунун үч деңгээли**

| Репродуктивдүү (төмөнкү деңгээл) | Продуктивдүү (ортоңку деңгээл) | Чыгармачыл (жогорку деңгээл) |
|---|---|---|
| Окуучулардын үлгүлөр боюнча окшош кырдаалда тапшырмаларды аткаруусу; | Ишмердүүлүктүн өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалдарда колдоно алуусу ; | Өз алдынча, чыгармачылык менен татаал курамдагы ишмердүүлүктү аткара алат; |
| -стилдерди айырмалайт;<br>-керектүү маалыматты таба алат;<br>- стилдерди туура колдонуунун ролун жана маанисин түшүнөт;<br>-практикалык аракеттерди чечүү үчүн алган билимдерин жана билгичтиктерин колдоно алат. | -негизги түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, теориялардын мазмунун түшүнөт жана аларды белгилүү кырдаалдарда колдоно алат;<br>-өз ара байланышты көрсөтө алат;<br>-өзгөрүүлөр жана айлана-чөйрөнүн шарттары ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын түзө алат;<br>-татаал эмес эксперименттерди өз алдынча жүргүзө алат. | -акыл ишмердүүлүгүнүн логикалык ыкмаларына ээ (талдоо, топтоштуруу, жалпылоо, салыштыруу);<br>-жаңы мааламыттарга багыт ала алат жана ылайыктуу түшүнүктөрдү формулировкалоо үчүн бул маалыматтын зарылдыгын аныктай алат;<br>-изилдөөнү пландаштырып жана жүргүзгөнгө, жазып, жыйынтыгын талдоого жана жалпылоого жөндөмдүү;<br>-илимий маалыматты баалай алат жана аны көйгөйлөрдү чечүүдө колдонот. |

Сабактардын иштелмелерин иштеп чыгып (3-4-тиркеме), практикада колдонуу үчүн окутуучу эксперименттин материалдарын даярдадык.

Экинчи баптын үчүнчү бөлүмү «***Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары***» деп аталып, педагогикалык эксперименттин аныктоочу, окутуп үйрөтүүчү жана жыйынтыктоочу этаптары мүнөздөлүп, жыйынтыктарына талдоо жүргүзүлдү. Теориялык ой корутундуларыбыз практикада кандайча ишке ашырылгандыгы тастыкталды, эксперименттер аркылуу биздин сунуш кылган методорду текшерүүнүн зарылчылыгы, анын максаттары көрсөтүлдү. Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарындагы №17 Ю. Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, №38 Барпы Алыкулов атындагы мектеп-гимназиясы, Ош обулусунун Кара-Суу районундагы №46 Саит Маматов атындагы орто мектеби, Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Алайчы уулу Саид атындагы инновациялык мектеби, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Төрөгелди Балтагулов атындагы №1 жалпы орто билим берүүчү мектептери алынды. Педагогикалык эксперимент Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы мектеп-гимназиясында жүргүзүлдү. Бул мектептерди тажрыйба жүргүзүү үчүн тандап алганыбыздын критерийлери: параллелдүү класстарынын болушу; мугалимдердин тажрыйбалуулугу жана компетенттүүлүгү; мектептер жаңы

технологиялык жабдыктар менен камсыздалышы болду. Экспериментке жалпы 1026 окуучу катышып, алардын ичинен аныктоочу этапка 8-класстардан 175 окуучу, контролдук топко 422, эксперименталдык топко 431 окуучу алынды.

Педагогикалык эксперименттин максаты: негизги мектеп окуучулары үчүн функционалдык стилдерди окутуунун иштелип чыккан моделин окуу-тарбия процессине киргизүү; аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун натыйжалуулугун негиздөө; сунушталган методиканын натыйжалуулугун текшерүү.

Педагогикалык эксперимент үч этапта өткөрүлүп, максатына, милдетине ылайык илимий методдор колдонулду. Эксперименттин констатациялоочу этабынын максаты – негизги мектептин окуучуларынын стилдерди туура пайдалануу көндүмдөрүнүн калыптануусунун алгачкы деңгээлин аныктоо. Констатациялоочу этаптын (2013-2015-жж.) максатын ишке ашырууда диагностикалык методдорду колдонуп, маалымат топтодук, талдоо жүргүздүк, системага келтирип, корутунду чыгарууга мүмкүндүк алдык. Диагностикалык методдордон: байкоо жүргүзүү, анкеталык сурамжылоо, тестирлөө методдору пайдаландык.

Калыптандыруучу этапта (2016-2018-жж.) «Негизги мектептин окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун моделин» практикага киргизүү болду, педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктоо жүргүзүлдү.

Педагогикалык эксперименттин контролдук этабында (2019-2022-жж.) коюлган милдеттердин аткарылышын текшерүү, колдонулган методдордун натыйжалуулугун аныктоо, жыйынтыктарды чыгаруу, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болду.

Изилдөөбүздүн сандык көрсөткүчтөрүн аныктоо максатында математикалык талдоо методун колдонуп, педагогикалык эксперименттин констатациялоочу жана контролдук этабындагы сандык көрсөткүчтөрдү аныктадык. Педагогикалык документтерди, материалдарды изилдөө жана булактарды талдоо бизге кээ бир жалпы корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди.

Милдеттерди чечүү үчүн мектеп окуучуларынын стилдерди өздөштүрүү, туура пайдалануу көндүмдөрүн өнүктүрүү ыкмаларынын теориялык, практикалык жана эксперименталдык методдору аныкталды. Окуучуларга стилдерди окутуунун теориялык жактан негизделген заманбап модели иштелип чыкты. Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга багытталып, изилдөөдө коюлган милдеттерди чечүүдө илимий, практикалык методдордун комплексин тандап алууга негиз болду. Диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында «Негизги мектептин окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун модели» мектептик практикага сунушталды.

Педагогикалык эксперименттин максаты – мектеп окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун иштелип чыккан моделин окуу-тарбия процессине киргизүү, аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун

натыйжалуулугун негиздөө жана сунушталган методиканын натыйжалуулугун текшерүү.

Коюлган максатка жетүү үчүн функционалдык стилдерди окутуу тажрыйбасын изилдөө максатында педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабын өткөрүлдү; окуучуларга функционалдык стилдерди окутуунун иштелип чыккан моделин окуу-тарбия процессине киргизүүгө түрткү болгон педагогикалык шарттарды апробациялоо максатында калыптандыруучу эксперименттин программасы иштелип чыгып, тажрыйба жүргүзүлдү; педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы боюнча эксперименттик жана текшерүүчү топтордун натыйжаларын салыштырмалуу талдоого алдык.

**3.1.2-таблица – Окуучулардын тексттердин функционалдык стилдерин туура аныктоо деңгээли боюнча педагогикалык эксперименттин башталышы**

| деңгээл / топ | эксперимент убагы | жогорку | орто | төмөн |
|---|---|---|---|---|
| | | % | % | % |
| КТ 422 окуучу | Башы | 12,3 | 42,4 | 45,3 |
| | Аягы | 14,1 | 42,6 | 46,3 |
| ЭТ 431 окуучу | Башы | 11,2 | 45,1 | 43,7 |
| | Аягы | 19,8 | 45,7 | 34,5 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, педагогикалык эксперименттин башталышында контролдук топто жогорку деңгээл 12,3%, орто деңгээл 42,4%, төмөнкү деңгээл 45,3%, ал эми эксперименталдык топто жогорку деңгээл 11,2%, орто деңгээл 45,1%, төмөнкү деңгээл 43,7% болуп, салыштырганда, эки топтун көрсөткүчтөрү негизинен бирдей болгон.

**3.1.3-таблица – Окуучулардын функционалдык стилдерди түшүнүү жана кабыл алуу деңгээлдери**

| Деңгээлдер | эксперименталдык топ (%менен) 90 окуучу | | контролдук топ (% менен) 85 окуучу | |
|---|---|---|---|---|
| | экспериментке чейин | эксперимент-тен кийин | эксперимент-ке чейин | экспериме нт-тен кийин |
| **Жогору** | 23% | 38% | 8% | 12% |
| **Жеткилик-түү жогору** | 29% | 39% | 32% | 38% |
| **Орто** | 29% | 16% | 35% | 37% |
| **Төмөн** | 14% | 10% | 25% | 15% |

Эксперименттин жыйынтыгында 90 окуучу катышкан. Эксперименталдык топто функционалдык стилдерди жогорку деңгээлде өздөштүргөндөр тажрыйбага чейин 23% болсо, тажрыйбадан кийин 38% га көтөрүлгөн, өсүш 15%, жеткиликтүү жогорку көрсөткүч 29% дан 39% га чейин жогорулап, өсүш 10% болгон. Орто көрсөткүч 29% дан 16% га, төмөн көрсөткүч 14% дан 10% га чейин азайган.

Ал эми контролдук тобунда жогорку көрсөткүч 8% дан 12% га гана өсүп (4%), тажрыйба тобу менен айрымасы 10% болгон; жеткиликтүү жогорку көрсөткүч 32% дан 38% га чейин жогорулап, өсүш 6% болгон, ал эми орто көрсөткүч 35% дан 37% га, төмөн көрсөткүч 25% дан 15% га чейин гана азайып, көрсөткүчтөр анчейин өзгөргөн эмес.

Жогорудагы таблицаларды салыштырып караганда мектеп окуучуларынын функционалдык стилдер боюнча билим сапатынын көтөрүлгөндүгүн, ал өсүштө биз сунуш кылган окутуу усулдарыбыз, ыкмаларыбыз жана каражаттарыбыз оң таасир эткендигин белгилөөгө болот.

Эксперименттин текшерүүчү (жыйынтыктоочу) этабында (2020-2022-жж.) педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында алынган маалыматтарды талдоо, кайрадан иштеп чыгуу, жалпылоо жана изилдөө натыйжаларын систематизациялоо жүргүзүлдү, тыянактар жалпылаштырылды.

**«Орто мектепте кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуунун методикасы» -** деп аталган үчүнчү бапта ортоңку класстарга сунушталган стилдик багыттагы материалдарды тематикасына ылайык окутууда натыйжалуу, окуучуга тез, жугумдуу билим берүүгө ыңгайлуу, практикалоого  тандалган методдордун тажрыйбаланышы тууралуу сөз болот.

Үчүнчү баптын биринчи бөлүмү «**Стилдерди 5-9 класста окутуунун формалары, каражаттары, ык-жолдору**» деп аталат.  Мектептерде класстык сабак системасы далай  убакыттан бери жаш муундарга билим берди, тарбиялады.  Бул система азыр да актуалдуулугун жоготкон жок. Формасы, колдонулган каражаттар, усул-ыкмалар мезгил талабына ылайык жаңыланууну талап кылды. Заманбап сабакка мугалимдин компетенттүүлүгү, мүнөзү, маданияты  окутуу процессинде жагымдуу чөйрө жарата алуусу да негизги орунда. Балдарга жүрөгү менен мээрим төгүп, жылуу кабыл алуу баланы ар тараптан өнүктүрөт, мүнөзү ачылат, сырдашат, тарбиясына, үлгү болот, келечегине дагы таасир берет.

Учурда окутуунун формасы сабак системасы бойдон калганы менен окутуунун каражаттары жаңы технологиялардын заманбап талабына ылайык дифференцирлеп окутуу, концентирлеп окутуу, модулдук окутуу, проблемалуу окутуу, программалык тестирлөө,  интерактивдүү окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиясы менен окутуу технологиялары сунушталып,  практикаланууда. Окутууда пайдаланылган  жаңы технологиялар, аларга ылайыкталган метод-ыкмалар, биринчиден, окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрөт, интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн шарттайт,  адеп-ахлак үлгүлөрүнө багыт берет, шык-жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат. Экинчиден, сынчыл ойломду өстүрүүнүн стратегиялык методдору мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн оптималдаштырат, балдарды жеке ойлонууга, топ ичинде тил табышып,

биргелешип иштөө жөндөмдүүлүгүнө, маалымат алмашууда тактык, тыкандыкты калыптайт, өз оюн коргоого, өзгөртүүгө жетишет же өз көз карашын жаңылоого ыңгайланышат. Мындай дидактикалык, психологиялык окутуу методдору окуучунун коммуникативдик ишмердүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет. Тилдик жана коммуникативдик билгичтиктерди изденүү, түшүнүү, ой жүгүртүү менен пайдалануусун камсыз кылат, сөз байлыгын арттырууга өбөлгө түзөт. Мындай моделдик сабактын дидактикалык структуралары - чакыруу, түшүнүү жана ой жүгүртүү этаптары менен ишке ашат.

Функционалдык стилдер кептин ар кандай чөйрөдөгү түрдүү жагдайга ыңгайлашкан кеп курамын окуткандыктан, аны бир аныктама менен түшүндүрүп, бир метод менен жеткире үйрөтүп коюуга мүмкүн эмес. Функционалдык стилдер тилдин белгилүү бир коомдук ишмердүүлүк шарттарынын, ар башка чөйрөлөрдөгү аң сезим формаларынын максаттарына ылайык уюштурулгандыктан, ар бир стилдин табыйгый өзгөчөлүгүн – алардын кайсы чөйрөдө, кандай максатта, кандай тил каражаттарын пайдаланылышын аныктайт. Тилдин грамматикалык материалдары менен байланыштырып, көндүм жасап отуруу менен стилдер жөнүндөгү билимин жогорулатат. Ар бир стилге тиешелүү тил каражаттарынын стилистикалык боёкчолору стилдердин структуралык бөтөнчөлүктөрүн айырмалуу өздөштүрүлүшүнө шарт түзөт.

Жогорудагы айтылган милдеттерди бир класстын гана материалдары менен окутуп жеткирүү акылга сыйбайт. Стилистикалык материалды кыргыз тилинде уланмалуулук принциптин негизинде кандай грамматикалык материалдарга байланыштырып, кайсы класстарда, кандай ык-көндүмдөр менен окутуунун методун аныктап, ыкмасын жиктеп, материалды кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүндө (окуу, сүйлөө, угуу, жазуу) жеткирүү аракетин алдын ала пландаштыруу – мугалимдин теориялык жана методикалык жөндөмдүүлүгүнө негизделген эмгек. Антпесе, стилистикалык маалыматтардын ырааттуугу сакталбай, тилдин коомдук функциясы толук ачылбай, үйрөтүү максатсыз калат. Тилдин коомдогу орду мазмунун жоготуп, тилге болгон кызыгуу өчөт, тилге болгон мамиле өзгөрөт. Ошондуктан функционалдык стилдердин ар биринин стилдик өзгөчөлүгү кепте ар тараптан аныкталышы – стилистикалык билимдин негизи. Ал ар бир стилдин мүнөздүү өзгөчөлүгүнүн спецификалык бөтөнчөлүгүн туура түшүнүүгө, кеп маданиятынын калыптанышына негиз болот, мүмкүндүк берет.

Үчүнчү баптын 2-бөлүмү «**Иш кагаздарын окутуунун методикасы**» деп аталат. Иш кагаздар стилинин ар бир подстилин окутуудагы пайдаланылган ыкмалар, методдор, алардын натыйжалары, функционалдык стилдерди окутуунун методикасын өркүндөтүү кыргыз педагогика илиминин актуалдуу проблемасы экендигин көрсөттү.

Иш кагаздар стилин үйрөтүүдөгү негизги өзгөчөлүк – иш кагаздарынын стандарттуулугу (реквизиттердин так сакталышы), текстте ойду туюнтуунун хронологиялык жана логикалык ырааттуулугу, мазмундун кыскалыгы, тактык, түшүнүктүүлүк талабы. Текстти окуган тарап бат, туура түшүнүүсүн

шарттаган мазмундук иреттүүлүк, тил каражаттары менен канцеляризмдери. Иш кагаздар стилинде эмоционалдуу-экспрессивдүү, көркөм боёктуу сөздөрдүн дээрлик колдонулбашы. Сөздөрдүн тике мааниси, терминдер, орток маанилүү сөздөрдүн керектелиши менен административдик кеп этикети иш кагаздарына образ берип турат. Бул артыкчылыктарды иш кагаздарын окутууда дыкаттык менен иликтеп, сабак процессинде окутуу принциптерин туура тандап, метод-ыкмаларын орундуу пайдалануу окутуунун максатына жетүүнүн негизги аракети болуп эсептелет.

Теория – билим алуунун алгачкы этабы. Иш кагаздар стилин окутууда *изилдөөнүн теориялык методу* пайдаланылат. Функционалдык стилдерден иш кагаздар стилинин айырмасы же жакындыгы, анын коомдогу кызматы, милдети, максаты, подстилдери, укуктук күчү, жарамдуулук мөөнөтү, аткарылышы, тил каржаттары, ар бир подстилдин түрлөрү (м: маалымкаттын түрлөрү), реквизиттери, стандарты, канцеляризми, ж.б. жалпы мүнөздүү өзгөчөлүгү программада сунушталган түрүнө тиешелүү. Мүнөздөмөлөрдү класстын курагы, билим деңгээли эске алынынып, *жеткиликтүүлүк, турмуш, коомдук көрүнүш менен байланыштыруу принциптеринин* негизинде *дифференциялык, репродуктивдүү, изилдөө методдорун пайдалануу* менен улам жогорулатып үйрөтүү ылайыктуу. Класстын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык иш кагаздын кайсы түрү берилбесин (м: 7-класста - *Түшүнүк кат*), ошол иш кагаздын жогоруда көрсөтүлгөн мүнөздөмөсү толук жеткирилип, турмуш менен байланышта каралып, шарттуу түрдө кырдаалдык учурлар түзүлүп, ошол учурга шайкеш үлгүлөр жазылышы керек. Теориялык билим практикаланганда, окуучу күн алыс жазган түшүнүк каттын катасын көрөт, андан кийинки укуктук аракеттер эмне менен бүтөрүн билгенде, түшүнүк катты жазуудагы автордун жоопкерчилигин сезет, иш кагазды түшүнөт, жашоого олуттуу кароого мажбур болот. Тоерияны көндүмгө айландыра албаса, иштин натыйжасы тыянаксыз калат.

*Тажрыйбаларды талдоо методу* аркылуу турмуш көрүнүштөрү талданганда, балдардын көз карашы өзгөрөт, кепти уга, жаза, талдай билет, салыштырат, сынчыл ойлом жөндөмү ойгонот, кеби калыптанат. Ушундай көндүмдөрдөн кийин *аңгемелешүү методу* менен алектенип, кадимки баарлашууга жетишкенде балдардын интелектуалдык деңгээли жогорулайт, фантазиясы, кызыгуусу артылат, жашоого болгон көз карашы өзгөрөт. Ошондуктан үйрөтүлүп жаткан ар бир иш кагазынын мүнөздүү артыкчылыгына жараша окутуунун принциптерин, методдорун ылгап, усулдук чеберчилик менен пайдаланууну мугалимдин чыгармачылык чеберчилигине байланыштырдык. Изилдөөбүздө тандалган методдорду апробациялап, жалпылап, өндүрүшкө сунуш кылууга жетиштик.

# КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөөбүз иштин максат-милдеттерине ылайык төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди.

1. Кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү болгондуктан, дүйнөлүк, орус, өзбек, казак жана кыргыз педагогикасынын, психологиясынын, лингвистикасынын тарыхына кайрылдык. Соңку педагогиканын жетишкендиктерине таянып, «стиль», «стилистика», «функционалдык стиль» деген теориялык-терминологиялык түшүнүктөрдү тереңдеттик, функционалдык стилдердин коомдук кызматын темага ылайык конкреттештирдик.

«Стиль», «функционалдык стиль» түшүнүктөрүн талдоо, алардын маанисин ачууга көптөгөн окумуштуулар, педагогдор кызыкдар экендигин көрсөттү. В.В. Виноградов, Г.О. Винокур, Г.Я. Солганик, К. Сартбаев, С. Давлетов, Ж. Мамытов, Б. Закирова, А. Идирисов, Т. Ахматова, Т. Аширбаев ж.б. окумушуулар функционалдык стилдерди жана алардын подстилдерин, жанрларын талдоого аракет кылып, аларды классификациялашкан жана методологиясын аныкташкан.

Биз орус окумуштууларынын ичинен орус тилинин стилистикасы боюнча илимий чөйрөдө кеңири тараган, өтө көп колдонулган эмгек катары белгилүү окумуштуу-тилчи М. Н. Кожинанын «Стилистика русского языка» (М. 1983) аттуу фундаменталдуу китебин эсептеп, изилдөөгө алдык. Эмгекте окумуштуунун, биринчиден, стилди тил менен кептин биргелешкен касиети катары, экинчиден, стилди баарлашуунун (сүйлөшүүнүн) милдеттер менен шартталган көрүнүшү катары караган пикирине ынандык.

Изилдөө ишибиздин методологиялык таянычтары катары тил таануу, дидактика, кыргыз тилин окутуунун методикасы, психология илимдеринин ачылыштарына токтолуп, изилдөөбүздүн методдорун аныктадык.

2. Экинчи милдет мектепте 5-9-класстын окуучуларынын кыргыз тилинин функционалдык стилдери боюнча билим деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу милдети алынган. Бул багытта окуучулар кеп стилдеринин мүнөздүү өзгөчөлүгүн ажыратып, өз алдынча талдоо жөндөмүнүн, кеп стилдеринин подстилдерин, жанрларын айырмалай билүү ишмердүүлүгүнүн төмөндүгү, мугалимдердин теориялык базасы, окутуу методикасы өз деңгээлинде эместиги белгилүү болду. Функционалдык стилдерди окутуу боюнча методисттер С. Давлетов, Х. Кулалиева, Т. Ахматов, Б. А. Абдухамидова, Т. Аширбаев, А. Идирисов, Ж. А. Чыманов, А. Токмомаметов, мектеп мугалимдери З. Маразыкова, Г. Касымованын илимий-педагогикалык ойлору жана иш тажрыйбалары жалпылаштырылып, диссертациялык изилдөөдө пайдаланылды. Жогорудагы табылгалар стилдерди окутуу боюнча кыргыз

педагогикасында башат бар экендигин көрсөттү жана изилдөөбүзгө илимий теориялык булак болду.

3. Үчүнчү милдет жогорку класстарда функционалдык стилдерди үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, заманбап технологияларга ылайык окутуунун теориялык моделин иштеп чыгуу, методикалык усулдарды сунуштоо болду. Бул багытта билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, окуу программаларына, окуу китептерине, методикалык адабияттарга ж.б. изилдөөнүн методологиялык негиздерине таяндык. Кыргыз тили предметиндеги функционалдык стилдерди окутуунун методдорун, ыкмаларын, каражаттарын, формаларын иштеп чыктык, жаңы методдор менен иштелген сабактарыбыздын иштелмелерин сунуш кылдык. Азыркы учурда кыргыз тилинин функционалдык стилдерин талапка ылайык окутууда интеграциялап инновациялык окутуу жана интерактивдүү методдорду өзгөчө пайдалуу деп эсептедик.

Функционалдык стилдерди үйрөтүүдө инновациялык методу, изилдөөнүн теориялык методу, тажрыйбаларды талдоо методу, илимий булактарды үйрөнүү методу, окуучулардын чыгармачылыгын үйрөнүү методу, интеграциялап окутуу методу жана аңгемелешүү методдору колдонулду.

4. Төртүнчү милдет иштелип чыгып, сунушталган моделдин жана методикалык усулдардын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо болгон. Бул милдетке ылайык функционалдык стилдерди окутуу боюнча биз сунуш кылган теориялык модель жана методикалык система мектептерде педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилди. Эксперименттин жыйынтыгы сунушталган методикалык усулдардын, ыкмалардын, каражаттардын натыйжалуу экендигин тастыктады жана илимий изилдөөбүздүн практикалык баалуулугун жогорулатты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар 5-9-класстарда кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуу боюнча төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтууга негиз болду:

1. Ааламдашуу учурунда балдардын ойлоо-байкоосун, коммуникациялык ишмердүүлүгүн калыптап, кеп байлыгын, жазуу маданиятын өстүрүү – кыргыз тили мугалимдерине жүктөлгөн милдет. Кеп стилдерин байланыштуу кеп менен бирге окутууда, биринчиден, стилдик каталардан арылтууну, экинчиден, сүйлөмдү туура түздүрүүнү колго алуу зарыл.

2. Мектеп мугалимдери функционалдык стилдерди турмуштук мисалдар аркылуу диагностикалап, көрсөтмөлүү, практикалык методдор менен окутуу сунушталат. Окуучунун оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө өзгөчө басым жасалышы керек.

3. Кыргыз тилинин стандарттык программасында кеп стилдерин окутуу уланмалуу принципке негизделип сунушталып, окуу китеби праграмманын талабына ылайыкталып түзүлсө.

4. Ортоңку класстарда функционалдык стилдерди окутууга көбүрөөк маани берилип, алардын саны да, каралган саат өлчөмү да көбөйтүлсө. Орто мектептин 5-9-класстары үчүн кыргыз тилинде окуу-хрестоматияларды, тексттер жыйнактарын, функционалдык стилдер боюнча презентацияларды, анимацияларды иштеп чыгып, массалык нускада чыгаруу жагы мамлекеттин программаларына киргизилиши зарыл.

5. Жаңы технологиянын тынымсыз өсүшүн эске алып, жаңы метод-ыкмалар менен иштелген алдыңкы тажрыйбалар жыйнагы чыгарылып, практик мугалимдердин усулдук жардамчысы катары жайылтылса.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. **Айбашова, Т. М.** Ортоңку класстарда иш кагаздар стилинин лексикалык өзгөчөлүктөрүн окутуу [Текст] / Ж. А. Чыманов, Т. М. Айбашова // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018. – Атайын чыгарылыш. – 125-129-бб.

2. **Айбашова, Т. М.** Тил – улуттун атрибуту [Текст] / Ж. А. Чыманов, Т. М. Айбашова // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018. – Атайын чыгарылыш. – 129-135-бб.

3. **Айбашова, Т. М.** Иш кагаздарында зат атоочтун жөндөмө категорияларынын колдонулушу [Текст] / Т. М. Айбашова // ОшМУнун жарчысы. – 2021. – Т.2. – № 4. – 27-33-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=47956199

4. **Айбашова, Т. М.** Иш кагаздарын окутууда сөз түркүмдөрүнүн орду [Текст] / Т. М. Айбашова // Ж. Баласагын атындагы КУУ Жарчысы. – 2022. – № 4 (112). – 29-35-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=53704520

5. **Айбашова, Т. М.** Ортоңку класстарда иш кагаздарын окутуунун айрым маселелери [Текст] / Т. М. Айбашова // Актуальные научные исследования в современном мире. – 2022. – Выпуск 2, часть 5. – 87-97-бб.

6. **Айбашова, Т. М.** Обучение применению категории наклонения, лица и времени глагола в официально-деловом стиле [Текст] / Т. М. Айбашова // Эпоха науки.–2022.–№29.–176-182-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=48291443

7. **Айбашова, Т. М.** Опора на стилистику словообразования при обучении частям речи [Текст] / Т. М. Айбашова // Эпоха науки. – 2022. – №29. – 183-187-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=48291444

8. **Айбашова, Т. М.** Отчет түзүүнү окутуунун усулдары [Текст] / Т. М. Айбашова // Актуальные научные исследования в современном мире. – 2022. – Выпуск 4. - Часть 4. – 38-47-бб.

9. **Айбашова, Т. М.** Иш кагаздарында этиштин мамиле категориясынын колдонулушун окутуу [Текст] / Т. М. Айбашова // Актуальные научные исследования в современном мире. –2022. – Выпуск 4. - Часть 4. – 47-54-бб.

10. **Айбашова Т. М.** Токтомду окутуунун усулдары [Текст] / Т. М. Айбашова // Окутуунун инновациялык технологиялары илимий-методикалык журнал. – 2022. – №15. – 64-72-бб.

11. **Айбашова, Т. М.** Иш кагаздарында этиштин чак жана жак категорияларынын колдонулушун окутуу [Текст] / Т. М. Айбашова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – №1. – 146-150-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=53728998

12. **Айбашова, Т. М.** Иш кагаздарын окутууда сөз түркүмдөрүнүн орду [Текст] / Т. М. Айбашова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – №1. – 150-154-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=53728999

**Айбашова Тазагүл Матраимовнанын "Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу" аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** стиль, стилистика, функциналдык маани, резюме, стандарт, канцеляризм, подстилдер, публицистика, экспессивдүүлүк, эмоция, кабарлоо, таасир этүү, баяндоо, кеп этикети теория, метод.

**Изилдөөнүн максаты:** ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында кыргыз тилинин функционалдык стилдерин бүгүнкү күндө заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөө объектиси:** жалпы билим берүүчү уюмдардын негизги мектебинин (V- IX класстар) «Кыргыз тили» сабагын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – «Кыргыз тили» сабагындагы кыргыз тилиин функционалдык стилдерди окутуу ишмердүүлүгү.

**Изилдөөнүн методдору (ыкмалары):** Изилдөөнүн темасы боюнча лингвистикалык, дидактикалык, методикалык адабияттарды талдоо, иштеп жаткан программаларды, окуу методикалык комплекстерди талдоо; кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуунун натыйжалары боюнча педагогикалык эксперимент жүргүзүү, окуучулардын жоопторун сандык жана сапаттык жактан талдоо, жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн жаңылыгы:**

- ортоңку класстарда кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып, бирдиктүү бир бүтүн системага салуу аракеттери;

- функционалдык стилдерди окутууда тилдик материалдарды тандоо, аларды салыштырылып текст түздүрүү, тапшырмалар, көнүгүүлөр иштетүү, сабактардын иштелмелери иштелип чыгышы.

**Изилдөөдөн практикалык мааниси**: кыргыз тили предметинин программасынын жана окуу китептеринин кыргыз тилинин функционалдык стилдерине тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт; кыргыз тили боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт; жогорку класстарда кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутууну жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим жана тарбия берүүчүлүк маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт; изилдөөнүн материалдары мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат; кыргыз тили боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардам берет.

## РЕЗЮМЕ


**диссертационного исследования на тему «Преподавание функциональных стилей в средних школах» Айбашовой Тазагүл Матраимовны на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызский язык)**

**Цель исследования** – создание методической единой системы обучения функциональным стилям кыргызского языка в соответствии с требованиями современных технологий на уроках кыргызского языка средних классов.

**Объект исследования:** учебный процесс урока «Кыргызский язык» в основной школе (V-IX классы) общеобразовательной организации.

**Предметом исследования** является деятельность по обучению функциональным стилям кыргызского языка на уроке «Кыргызский язык».

**Методы (приемы) исследования:** подбор лингвистической, дидактической, методической литературы по теме исследования, подбор рабочих программ, учебно-методических комплексов; проведение педагогического эксперимента по результатам обучения функциональным стилям кыргызского языка, количественный и качественный анализ ответов учащихся.

**Научная новизна исследования:**

- разрабатываются научные и методические основы преподавания функциональных стилей кыргызского языка в средних классах и предпринимаются усилия по сведению их в единую систему;
- подобран лингвистический материал, используемый при преподавании функциональных стилей, в результате их сравнения разработаны задания по составлению текстов, заданий и упражнений, составлены планы уроков.

**Практическая значимость исследования:** уточнение разделов учебной программы и учебников по кыргызскому языку, связанных с функциональными стилями кыргызского языка способствует совершенствованию методики; образцы и методы, предложенные при изучении урока по кыргызскому языку содействуют развитию самостоятельного критического мышления учащихся и повышению их

интереса к изучаемой теме; результаты исследования способствуют улучшению и совершенствованию преподавания функциональных стилей кыргызского языка в старших классах, раскрытию их учебно-воспитательного значения; материалы исследования используются в школах, средних и высших учебных заведениях в качестве методических пособий, учебников, что помогает повысить предметный уровень кыргызского языка и подготовить учебно-методические комплексы.

**Aibashova Tazagul Matraimovna's dissertation on the topic "Teaching functional styles in the secondary schools" 13.00.02 - theory and methods of teaching and upbringing (Kyrgyz language) for the candidate of pedagogic sciences degree**


## RESUME

**The purpose of the study** is to create a methodological unified system of teaching functional styles of the Kyrgyz language in the Kyrgyz language class of middle classes today in accordance with the requirements of modern technologies.

**Research object:** the teaching process of the "Kyrgyz language" lesson in the main school of general education organizations (V-IX classes).

**The subject of the study** is the activity of teaching functional styles of the Kyrgyz language in the lesson "Kyrgyz language".

**Methods (modes) of research**: selection of linguistic, didactic, methodical literature on the research topic, selection of working programs, educational methodical complexes; conducting a pedagogical experiment for the results of teaching the functional styles of the Kyrgyz language, quantitatively and qualitatively analyzing the answers of students.

**Scientific novelty:**

- teaching functional styles of the Kyrgyz language in middle classes
scientific and methodical foundations are developed and efforts are made to put them into a single whole system;
- selection of linguistic materials in the teaching of functional styles
Compilation of texts, assignments, exercises, lesson plans were developed.

**Practical significance of the research results:** clarifying the sections of the Kyrgyz language subject program and textbooks related to the functional styles of the Kyrgyz language, helps to improve the methodology; The samples and methods proposed in the study of the lesson on the Kyrgyz language contribute to the development of students' independent critical thinking and the increase of their interest in the topic to be covered; contributes to the improvement and improvement of the teaching of the functional styles of the Kyrgyz language in higher grades, and the discovery of their educational and educational value; research materials are used in schools, secondary and higher educational institutions as methodological manuals, textbooks; It helps to improve the subject standard of the Kyrgyz language and prepare teaching-methodical complexes.

Кагаздын форматы 60 х 90/16. Көлөмү 2 б.т.
Кеңсе кагазы. Тиражы 50 нуска.
«Соф Басмасы» ЖЧК тарабынан басылып чыкты.
720020, Бишкек ш., Ахунбаева көч., 92